**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

____________№________ **Жеңиш айылы.**

**Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин жаңылоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025—2030-жылдарга кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча страгиясы жөнүндө” ПЖ №137 жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш чаралар планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I эап үчүн) 2026-2027-жылдары сапаттуу аткаруу , Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 19-январындагы “Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 1-августундагы №193-б буйругуна толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү” №01—12/4 буйругун аткаруу жана Кадамжай районунун мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 23-июлундагы №01-15/277-б буйругуна тоолуктоолорду киргизүү жөнүндөгү 24.01.2026-жылдын №01-15/14 буйругу жана 26.01.2026-жылдагы №01-16/171 катын аткаруу максатында **буйрук кыламын**

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 23-июлундагы “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегиясы жөнүндө” ПЖ №137 Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндөгү Исхак-Полотхан айыл аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Коррупцияга каршы аракетенүү боюнча мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш чаралар планына (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) толуктоо катары Исхак-Полотхан айыл аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча 2026-2027-жылдарга иш-чаралардын планы тиркемеге ылайык бекитилсин. .

2. Исхак-Полотхан айыл аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча 2026-2027- жылдарга иш-чаралар планы мекеме-ишканаларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеткирилсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Айыл аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча 2026-2027-жылдарга иш-чаралар планында белгиленген иш-чараларды өз убагында жана сапаттуу аткаруу үчүн жоопкерчилик айыл аймагындагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына жүктөлсүн.

4. Буйруктун жана иш-чаралар планын аткарууга алынганы жана аткарылышы боюнча маалыматтарды ар квартал сайын Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө берип туруу жагы тапшырылсын

5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчысы С.Ормоновко жүктөлсүн..

**Башчы:** **Б.Искендеров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН